**Базар-Коргон районундагы №17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин 2022-2023-окуу жылынын окуу планына карата түшүндүрмө кат**

Базар-Коргон районундагы №17 гимназия мектебинин 2022-2023-окуу жылы үчүн окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 20-августундагы №4160/1буйругунун,кыргыз тилинде окутулуучу мектеп-гимназиясы үчүн Базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан жана Мамлекеттик билим берүү стандарты ишке ашырылат.

Базистик окуу планы окуучуларга предметтер боюнча жалпы билим берүү даярдыгын камсыз кылууга,активдүү турмуштук көз-карашы калыптанган инсандын өнүгүшү үчүн адамзаттык жана улуттук баалуулуктарында ээ болууга кепилдик берет.

**Окуу планынын милдети**

№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин окуу планын ишке ашыруунун негизги милдети болуп төмөнкүлөр эсептелет:

Окуучунун окуу материалдарын эркин өздөштүрүүсүнө өбөлгө түзүү,активдүү турмуштук көз-карашы бар инсанды калыптандыруу максатында,билим берүү процессине перспективдүү билим берүүнүн технологияларын билим берүүнүн технологияларын киргизүү жана окутуу.

**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин**

**I баскычтагы**

Базистик окуу планы (1-4-класстар)башталгыч жалпы билим берүүнүн жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын(предметтерин)өздөштрүү 4 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

**II бачкычтагы**

Кыргыз тилинде окутулуучу мектеп-гимназия үчүн окуу планы(5-9-класстар)негизги билим берүүнүн негизги жалпы билим берүүчү прогрммаларын (предметтерин)өздөштүрүүнүн 5жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

**III баскычтагы**

Кыргыз тилинде окутулуучу мектеп-гимназия үчүн окуу планы (10-11-класстар)жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүүчү прогрммаларын (предметтик)өздөштүрүүнүн 2 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелинген.

**I баскычта**

Биринчи класска ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн)каалоосу боюнча 6 жаштан баштап,7 жаштан кеч эмес балдар кабыл алынат.

**II-III баскычтарда**

Негизинен окуучулардын,ата-энелеринин (мыйзамсыз өкүлдөрүнүн)кызыкчылыктарын эске алуу менен предметтерде терендетип окутуу,окуучулардын таанып билүүсүн жана жөндөмдүүлүктөрүн канааттандыруу максатын көздөйт.Негизги Базистик окуу планынан сырткары мектеп-гимназиялар үчүн берилген терендетип окутуу үчүн тандоо предметтеринин жана мектеп компонентинин сааттары төмөндөгүдөй белгиленди:

**1.I Гуманитардык цикл**

Профилдик предметтер : орус тили жана адабияты,II чет тил (англис тили).

**2.II Гуманитардык цикл**

Профилдик предметтер : кыргыз тили жана адабияты,чет тил,II чет тили(англис тили).

**3.III Гуманитардык цикл**

Профилдик предметтер:Кыргызстан тарыхы,дүйнөлүк тарых,II чет тил(англис тили).

**№17С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин негизги Базистик окуу планын тереңдетип окутуу үчүн тандоо предметтерине 10-11-класстар үчүн төмөндөгүдөй сааттар менен кошумчаланды.**

1.**Кыргыз тили предметине**-10-кл-1саат,11-кл-1саат.
2.**Кыргыз адабияты предметине**-10-кл-1-саат,11-кл-1саат.
3.**Кыргызстан тарыхы предметине**-10-кл-1-саат,11-кл-1саат.
4.**Дүйнөлүк тарыхы предметине**-10—кл-1саат,11-кл-1саат.

**№17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин негизги Базистик окуу планы мектеп компонентинин эсебинин,5-11-класстардын окуу планы төмөндөгүдөй сааттар менен кошумчаланды.**

1.**Кыргыз тили предметине** -7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
2.**Кыргыз адабияты предметине**-5-кл-1саат,6-кл-1саат,7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
5.**Кыргызстан тарыхы предметине**-5-кл-1саат,6-кл-1саат,7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
6.**Дүйнөлүк тарыхы предметине**-7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
7.**Орус тили предметине**-7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
8.**Орус адабияты предметине**-5-кл-1саат,6-кл-1саат,7-кл-1саат,8-кл-1саат,9-кл-1саат.
9.**Чет тил предметине**-8-кл-1саат.9-кл-1саат.
10.**II чет тили**-5-кл-1саат,7-кл-1саат,8-кл-2саат,9-кл-2саат,10-кл-1саат,11-кл-1саат.

Мамлекеттик компонент окуучулардын базалык деңгээлиндеги жалпы билим берүүчү сабактар боюнча билим алуусуна кепилдик берет,активдүү турмуштук көз-карашы бар инсандын калыптандыруу,өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга кызыктырыт.
Предметтерди тереңдетип окутуу окуучуларга негизги предметтердин мазмунун тереңдеп билүүгө,предмет аралык байланыштарды ишке ашырууга жана Жалпы Республикалык тестирлөөгө жакшы базалык даярдыктарды көрүүгө жардам берет.
Негизги жалпы билим берүүчү программа боюнча окуучулардын билим деңгээлин баалоо Билим берүү жана илим министрлиги нормативдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

**Окутуу -тарбиялоо жараянын уюштуруу.**

2022-2023-окуу жылында №17С.Далбаев атындагы гимназия мектебинде 30-класс-комплектиленди.Окуу кабинеттердин жетиштүүлүгүнө байланыштуу мектепте окуу процесси 1смендик режимде иш алып барат.Сабактар 8-30 башталып, 13-30да аяктайт.Башталгыч класстар 1сменде, б.а. 1подсменка окугандыгына байланыштуу 1-4-класстар 5-күндүк,5-11-класстар үчүн гимназия класстарга 6-күндүк окуу болот.
Мектепке чейинки уюмдарга катышпаган эрте курактагы балдардын психологиялык –педогогикалык даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу жана

алардын андан ары социалдык адаптациялоо максатында 480 сааттык "Наристе"программасы боюнча мектепте даярдоо өткөрүлөт.
Аталган 480 сааттык "Наристе"программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен тартипте башталгыч класстардын мугалимдери тарабынан ишке ашырылат.480 сааттык программа боюнча окутуу үчүн 2 класс комплектиленди,сабактар 1 сменде өтүлөт.
5-11-класстар үчүн окуу жумалыгы 6-күндүк .5-11-класстарда сабактарда 1 сменде өтүлөт.Окуу жылынын созулушу эс алуу убактылары эсепке албаганда:1-класста-33жума, 2-8-10-класстарда -34 –жума.9-11-класстарда эгзамендик мезгилди эске алуу менен-34 жумадан 36га чейин.

Каникул мезгили 29 календардык күндү түзөт.

**Каникул графиги:**

**Күзгү каникул** -7 күн, 2022-жылдын 8-ноябрынын 14-ноябрына чейин,сабак-2022-жылдын 15-ноябрында башталат.

**Кышкы каникул** -12 күн.
2022-жылдын 31-декбрынан 2022-жылдын 11-январга чейин,сабак-2022-жылдын 12-январында башталат.

**Жазгы каникул**-10-күн,2023-жылдын 21-мартынан 30-мартына чейин,сабак 2023-жылдын 31-мартында башталат.

1-класстардын окуучулары үчүн III чейректе кошумча бир апталык каникул күндөрү берилет.Сабактын узактыгы:1-класстарда-40 мүнөт,2-11-класстарга – 45 мүнөт.

**Окуу бөлүмүнүн башчысы:** **Кадырова.Ф.Ж.**